**ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин «Хирургиялык дисциплиналар травматология курсу менен» кафедрасынын кезектүү**

**№7 жыйынынын**

# ПРОТОКОЛУ

13.03.2021 ж. саат: 16:00

**Төрага: м.и.к., доцент З.С.Арынов**
**Катчы: Маликова А.Т.**
**Катышкандар: 35**

***Отуулучу жай: Ош шаары, ЭМФ, клиника ОшМУ, №05-каб.***

**Кун тартиби:**

1. Аккредитациядан өтүүгө болгон даярдык.
2. Дисциплиналар боюнча ОМКнын абалы;
3. Сабактарга өз ара катышуунун жана ачык сабактардын уюштурулуш абалы;
4. Ар турдуу маселелер;

**1. Угулду.** Отурумдун төрагасы, м.и.к. доценттин м.а. З.С.Арынов сөз башында кун тартиби менен тааныштырып, аккредитациядан өтүү үчүн НААРдын кароосунан өтө турганыбыз анык болгонун айтты. Аккредитациядан өтүү үчүн биз EdNet програамасына даярданып жүрдүк эле, НААрдын критерийлери будан бир аз башкачаракк экен. Биринчиден окуу жайдын сапаттык көрсөткүчүнө көнүл бурушат экен. Анын талабы боюнча ал көрсөткүч 60/40 болуусу керек, а биздин көрсөткүч 44-45% түзүп, талапка жооп бербейт. Бул көрсөткүч бир эле бизде эмес, факультеттин ар бир кафедрасында ошондой. Ар бир кафедра башчысына кафедрасынын көрсөткүчүн талапка жооп бергидей көтөрүүгө милдеттендирилди. Окуу жылы да аяктап, окуу жүктөмдөр дээрлик аткарылып да бүттү, өзүбүздүн сааттардан берип болсо да илимий даражалары бар окутуучуларды ишке алуубуз керек. Эгер факультеттин сапаттык көрсөткүчу 39-40% болсо- 1жылга, 40-45% болсо- 3жылга, 60% жогору болсо, аккредитациядан 5жылга өтөбүз. ЭМФнин планы 5жылга коюлган. Эгер НААРдан 5-жылга өтсөк, Пакистанда жашыл тизмеге кошулабыз. Дагы бир нерсени айта кетейин кафедрада штаттык/айкалыштыруучу окучуулардын катышы 70/30 болуусу керек, а бизде тескериси. Урматту коллегалар ушул маселелерди чечишип алалы. Кафедрада талкуулар жана сунуш-талаптар менен чечим кылат:

***Чечим:*** Кафедранын сапаттык көрсөткүчү талапка жооп бергидей көтөрүлсүн, илимий даражасы бар окуутучулар сааты бар окуутучулардын эсебинен жумушка алынсын.

*2. **Угулду:*** Дисциплиналар боюнча ОМКнын абалына кафедра башчысы токтолуп, өткөн 1-семестрдин ОМКлары иштелип, АВНге кирип калды, жаңы окуу жылына ар бир дисципина боюнча бирден акыркы оңдолгон, жаңы вариантта жасап,түзүп басма жана электрондук кылып жасап коюубуз керек. 15-апрелден тарта ички аудиттен текшере башташат.

***Чечим:*** 15-апрельге чейин ар бир дисциплина боюнча бирден талапка ылайыктуу жаңы вариантта ОМК (ФОС, силлабус) даярдалсын. Кафедаранын ОМКсына боюнча жооптуу

окутуучу Гаипова А.А. 2018-жылдан берки ОМКларын карап, тактап чыксын. Кафедранын ар бир окутуучусу миллеттендирилсин.

3. ***Угулду:*** Сабактарга өз ара катышуунун жана ачык сабактардын уюштурулуш абалы тууралуу кафедранын окутуучусу А.А. Гаипова билдирүү жасады. Ар бир өтүлгөн сабактар протоколдоштурулат. Сабактарды түзүлгөн график боюнча өтүңүздөр, өз ара сабактарга катышууга баарыңыздар кирип, ой-пиририцздерди билдирицздер. Жаңы инновациялык методдорду изденип колдонууну жанданталы.
***Чечим:*** Өз ара сабактарга катышуу график боюнча ар бир окутуучуга миллеттендирилсин.

4. ***Угулду:*** Ар түрдүү маселелер боюнча кафедра башчысы окуу-профессордук курамды илим жактап, окуу методикалык колдонмолорду, статьяларды жазууга чакырды жана ЭМФде иштеп жаткандыка байланыштуу жылына өздөрүнүн адистиги боюнча 72саат көлөмдү түзгөн Эл аралык конференцияларга катышып, алган сертификаттарын ар ким өзүнүн порфелиосуна салуусун айтты. Андан сырткары кафедранын окуучулары өздөрүн дагы Эл аралык конференцияларды уюштуурусу керектигин эскертип, 2021-жылдын сентябрь айында Андижан, Воронеж катышуусунда өткөрүү керектигин билдирди.
***Чечим:*** Ар бир окутуучу илимий иштерди активдуу алып барып, кафедранын сандык жана сапаттык көрсөткүчүн көтөрүүгө өз салымдарын кошуусун.

***Кафедра башчысы, м.и.к.,доцент:*** ***З.С.Арынов***

***Катчы:*** ***Маликова А.Т.***

**Эл аралык медицина факультетинин «Хирургиялык дисциплинар травматология курсу менен» кафедрасынын №7 отурумунун протоколунан көчүрмө.**

«13» март 2021ж. Ош шары

Төрага: м.и.к., доцент Арынов З.С.
Баары: 38
Катышкандар: 38
Келбегендер -0

**Күн тартиби:**

1. МАКка карата тузулгон тесттик суроолорду талкуулап бекитуу:

Кафедра башчы м.и.к., доцент З.С.Арынов биринчи маселе боюнча МАКка карата даярдалган экзамендик тесттик суроолорду карап чыгып талкуудан сон бекитуу маселесин жалпы окутуучу-профессордук курамга айтып оттту. Андан кийин тесттик суроолорду жалпы окутуучу-профессордук курамга таанышып окуп чыгуу учун тартатып берди. Жарыш сөзгө чыккандар кафедранын доценти А.Т.Жунусов, м.и.к., ага окутуучу У.ХДжапиев жана м.и.к., ага окутуучу К.М.Мамашариповдор соз суйлошуп, алар тесттик суроолор негизинен туура , сапаттуу жана Блумдун таксономиясын колдонуу менен тузулгонун айтып о.э. хирургия предметинин компетенцияларына дал келээрин белгилеп кетишти. Талкуудан сон бардык окутуучу-профессордук курам бир добуштан тесттик суроолорду жактырышып бекитууну сунуштады.

**Чечим:**

МАКка карата даярдалган экзамендик тесттик суроолор талкуудан сон бекитилсин жана кафедранын кочурмосу факультеттин окумуштуулар кенешине жонотулсун.

**Торага: кафедра башчысы м.и.к., доцент** **Арынов З.С.**

**Катчы:** **Маликова А.Т.**